№ 93 Серкебаева Гүлзана Молдобаевна

**Эмгек миграциясы жакшыбы же жаманбы?**
**Айылдык мугалимдин көз карашы**

Ар жылда элеттик мектептердин башын бириктирип, ар кыл көйгөйлөрдүн үстүнөн ойлонууга түрткү берген бул сынакка быйыл да катышууга белсенип турам. Албетте, улам убакыт өткөн сайын мезгил алмашып анын артынан заман алмашып, адам өзгөрүп ошону менен жалпы коом өзгөрүп бара жатканын сиз менен биз турмуштун агымынан баамдап келебиз. Убакыт өткөн сайын жылдар алмашып, коомубузда санариптик технологиялар тездик менен өсүп, мезгилдин агымына туш келгендей болдук десем туура болоор. Анда эмесе сөз башынан болсун демекчи, алгач мен өзүмдү тааныштырып өтпөсөм болбос. Мен Серкебаева Гүлзана Молдобаевна элеттин мектептеринин биринде башталгыч класстарга мугалимдик кесипти 19 жылдан бери аркалап келем. Кыштын каарын, кардын калыңын кечкен, кечке мектепте эже болуп үйгө келсем жети баланын апасым Ысык-Көл облусунун, Түп районуна караштуу Бирлик айылынын тургунумун. Аталган кичинекей айылыбызда 198 түтүн, 1330 кишиден турган кыштагыбыз орун алган. Ал эми биздин чакан мектеп айылдын так ортосунда орун алган бир кабат эски мектеп 1968-жылы курулуп 200 окуучуга ылайыкташтырылган. Азыркы учурда мектебибизде 289 окуучу билим алууда.

Жыл жаңырган сайын замандын өзгөрүшү менен адамдардын жашоо шартында өзгөрүүлөр көп болуп жашоо кыйындап элеттик ансыз да кыйын шарттарыбызга дагы базар экономикасынын уламдан-улам кымбаттап баратканы зээнди кейитип, ансыз да жука капчыгыбызды бир топ майыштыргандай. Мына ушундай оомал-төкмөл болгон турмуштун агымын ар бир эле үй бүлөөнүн шартына туура келе бербегени ансыз да түшүнүктүү деңизчи. А бирок, айылдын ичинде кичинекей мектеп жана кичинекей чакан ФАП болгондуктан толук айыл тургундарын иш менен камсыздоого алы жетпегени айтпасам да түшүнүктүү го. Айыл тургундарынын эң негизги акча булагы бул алардын малы жана айдаган эгин жана картошкасы. Бул азыктар өз дасторконунан жана күнүмдүк жан сактоодон артпагандыктан сатып акча кылууга да ар дайым эле мүмкүн боло бербейт. Мындан сырткары уй багып анын сүтүн өткөрүп, андан түшкөн тыйынга керектүү тамак аш азыктарын гана ала алышат да. Мына ушундай жетишпестиктин аркасынан күнүмдүк көр тирликтин кыйынчылыктары менен алпурушкан адам дээрлик жокко тете. Үй-бүлөөдө ата-энелер өз балдарынын кара курсагын тойгузуп, кийиндирип, кем болбоосу үчүн анча- мынча айылдагы акча жетпейт да мына ошондон улам аргасыздан балдарын таштап сыртка акча табуу максатын көздөп кетип жатышпайбы. Айрым үй-бүлөөлөрдө бирөө эле кетсе кээ биринде экөө бирдей кетип жатышат го. Дегеле совет доорунда “мигрант” деген сөздүн маанисин аз гана адам баамдап тушүнгөн болсо, азыр кичинебизден чоңунубузга чейин түшүндүк. Албетте, бул өкүнүчтүү, бирок арга жоктон болуп жатат да деп үшкүрүнүп кала берербиз да. . . “Мигрант” же “миграция”- деген термин бизге союз тарагандан кийин келген неологизм сөзгө кирет. **Миграция** (лат. migro – өтүп жатам, көчүп жатам) – ар кандай себептер менен жеке адамдардын бир мамлекеттен башка мамлекеттерге, ошондой эле мамлекеттин аймагынын чектеринде жашоо ордун туруктуу же убактылуу алмаштыруу максатында орун которуштуруулары. Көбүнчө айыл ичинде чет жакка жаш

жубайлар же болбосо кичине балдарын таштап апалар же аталар чыгып жатышат. Ансыз да кыйын турмушубузга балдардын психологиялык жактан жабыркаганы дагы кошулду.

Эгерде өлкөбүздө завод менен фабрикаларыбыз иштеп турса балким бул маселе болбойт беле деген терең жыйынтыксыз ойлор менен келе берет экенбиз да. Доор өзгөрүп, элдердин тушүнүгү кеңейип, заманыбызда ар кыл өзгөрүүлөр болуп барат. Ал эми эмгек миграциясына Европа тарабынан ар кыл оор жана шарттары анча ыңгайлуу эмес иш оорундарына чакыруу бүгүнкү күнго чейин токтоосуз жүрүп жатат. Тилекке каршы кара курсактын айынан жана каатчылыктын күч болуп турганынан айла жок жаркын жашоого үмүттөнүү менен элибиз күн сайын эселеп кетишүүдө. Аттиң, ушуну менен эле маселе чечилип калса го макул деңизчи бул жакта тууган туушкандарда ишенич менен калган наристе эне сүтү оозунан кете элек балдардын бардыгына эле мээрим төгүлө бербегендиги, ал турсун зордук-зомбулукка учурап жаткандыгы жүрөгүңдү канатпай койбойт. Айрымдар жаңы мектепти окуп бүтүп да билим алууга мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан акча таап келүүгө кайда гана кетишкен жок, ал жактан ал балакаттын тагдырын эмнелер күтүп турганына кимдин башы ооруйт эле. . .

Ал го ал, ал эми жанагы эне сүтү оозунан кете элек кичинекей наристелердин энелик, аталык мээрим албай калганына ким күнөөлү деген суроого жооп жоктой. Акыркы жылдар аралыгында санариптик өнүгүү дүйнө жүзүнө каптап киргендей эле ар тараптан жаап жаткандай өнүгүү жолуна түштү деп жатапайбызбы. Мына ошол ар кыл байланыш түйүндөрдөн же үналгыдан, сыналгыдан болбосун чет жактагы иштеп кеткен мекендештерибиздин ар кыл себептериден улам ажал таап келип жаткандыгы күн санап өсүп жатпайбы. Ал жактан турак жай маселеси жана миграциялык туруктуулук боюнча ар кыл себептерден улам камакка түшүп, тапкан эмгегинин барын отуруп чыккандарычы. Аялдардын зордук-зомбулукка учурап жаткандарын айтпасам да суу үстүндөгү муздай болуп чыгып турганы маалым. 2019- жылы ЕККУ акдемиясы ноябрь айында биринчи жолу кыргыз тилинде аналитика жүргүзүп беш чоң макала жарыяланган. Ал жактан орусияда жүргөн мигранттардын көйгөйлөрүн айтышкан. Маселен, көздөгөнү да көбүрөөк байкалууда. 2011-жылга чейин биздин кыргыз жарандары полис мыйзамы кабыл алынганга чейин ата–энеси балдары менен убактылуу жашоо кагаздары менен бекер дарылана алышкан экен. Ал эми 2011-жылда тартып ага орусиянын жарандыгысыз же туруктуу жашоого уруксаты жок ата-эненин балдары бул мүмкүнчүлүктөн кол жууп калышкан. Мына ушуга окшогон ден соолукка жана баш калкалоого турак жай, иштөөгө иш, миграциялык туруктуу кагаздардын жоктугунан бөтөн жерде талаалап жүргөн мекендештерибиздин кыйынчылыктарынан өз оозунан ал турсун сыналгыдан, түйүндүк байланыштардан дагы көрүп көз жуумп келебиз. Чет өлкөдө жүргөн аялдардын укуктары ар дайым эле корголо бербейт. Ал турсун кордолуп, тепселенип да калып жатат. Тыйындын да эки жагы болгондой эле бул маселенини дагы көңүл жубатаарлык жактары бар деңизчи Айрым жаштар чет жактан жакшы акча таап келип үйүн оңдоп, жашоо шартын тыңдап, балдарын окутуп, ал тургай кичине болсо да ишкана ачып турмушун нукка салгандар да жок эмес. Мына ушулардын барын жазып жатып өлкөбүздө тиешелүү завод, фабрикалар иштеп турушса ушул кыйынчылыктар болбойт эле да дейбиз, а бирок ал ойлорубуз ишке жакында ашпасына көптөрүбүздүн көзүбүз жетип калды окшойт. Бары го бары десеңизчи, жашы 17 ге толуп

мектепти аяктап алып, кетип жатышкан эселек кыздарыбызчы. . Ал жактан билимсиздиктин айынан көрүнгөн майда кара жумуштарга иштегендери аздык келгенсип, зордукталып ал турсун төрөп таштап, кетип жатышкандары ичиңди туз куйгандай өрттөйт экен да. Себеби, биздин, сиздин дагы ушундай куурчактай болгон кыздарыбыз бар го. . . . Алардын эртеңи бүдөмүк бойдон кала берет тура деген жообу жок үшкүрүк менен кала берет экенбиз да. . . . Бул көрүнүш мекенибиздин учурдагы кыйынчылыктарынын бири башкача айтканда глобалдык материалдык гана проблемасы болбостон психологиялык жактан да чоң кедергисин тийгизип жатпайбы Биздин эле кичинекей кыштагыбыздан бир канча үй бүлө кеткен экен. болжолу 15-20 чакты же андан да көппү ким билсин айтор кара курсактын жетишпестиктин түбү тереңдеп бараткандай. Ал эми биздин кичинекей айылыбызда эле15 адам жакшы жашоого умтулуу максатын көздөп чет жакка Россияга, Турцияга кетишкен. Алардын ичинен Момбеков Бакай айылда элдин уйларын кайтарып акча табат, балдарынын жанында карап калып, жубайы Мамырканова Назира 3 баланын апасы орусияга кетип дайынсыз жок. Улуу баласы 4-класста, ортончусу 3-класста, кенже кызы даярдоо классында окуп жатышат. Апасы кенже кызы 9 айлык кезинде кеткен бойдон белгисиз. Айылыбыздын дагы бир тургунуАлымтуров Азымбек жубайы Москва шаарына иштөөгө кеткен бойдон кабары жок. Эки баласы калган мектеп жашында алардын кичүүсү 4-класста Азымбекова Азиза, уулу Азымбеков Өмүрбек 5-класста окушат чоң апасы менен атасы карайт. Атасы ички мигрант Бишкекте курулуш багытында эмгектенет. Бул айтылган окуучулар энелик мээрим деген эмне экенин сезмек турсун энесин көрбөгөндөрүнө жылдар өтүп жатат. Албетте, балдар сабакка ар дайым даярдыгы жок келишет, үй тапшырмасын аткарууда атат эненин жардамы жок, өз алдынча аткарып келишпейт, дайыма сабак бүтөөрү менен үйгө шашып турат. Мал карашым керек уйду айдап келишим керек дейт. Муну менен эмне айткым келет, өз ата энеси жанында болсо мындай милдеттүү болушпайт эле. Сабакка көбүрөөк басым жасап окуйт беле деген ой келет. Балалык доорун сүрбөстөн чоң адамдардын милдеттин аткарышат. Сабакка дайыма кечигип келишет. Ар дайым сабырлары суз башка балдардан тартынчаак жана кийимдери дагы жупуну кийинишет. Кийимдери кир каралбагандыгы, энесинин жоктугу айтпасанда байкалып турат. Өз оюн айтуудан тартынышат, кысылып жүрүшөт. Бул балдар мектепте социалдык педогоктун көзөмөлүндө турат Бул көрүнүш адамдын зээнин кейитип, жүрөгүн орутат. Ата-Энеси болсо, эл сыяктуу мээрим көруп, эркелеп өсөт беле. Мындан сырткары бой жеткен балдар, кыздар дагы сыртка акча табуу максатында чыгып кетишкен. Үй-бүлөсүн материалдык жактан камсыздоо үчүн үй-бүлөсүндө жубайлардын бири кетип экинчиси балдарга көзөмөл кылышат. Алардын бири Жумакадырова Бурул Москава шаарына кеткен. Жолдошу Мамытов Кубанычбек ден соолугуна байланыштуу майып болгондуктан беш баланы карап айылда калган. Жубайы байма- бай акча салып, материалдык жактан кыйла жакшы жашоого жетишкен. Мына ушундай үй-бүлөөлөр дагы бар. Албетте, бул биздин кичинекей эле кыштагыбызда болгон бир үзүм окуя. Жети дубанда жайгашкан жалпы райондорго караган канчалаган айыл-кыштактар бар, алардын ар биринен 20 үй-бүлөдөн кетип жаткан болсо дагы жалпы мекенибиздин 30-40 пайызын түзүп жатат да. Ал эми кеткен мигранттарыбыздын балдарынын турмушта кабылган ар кандай кыйынчылык абалдары аларды жашоону жек көрүп, орой, мээримсиз кылып өстүрүп жаткандыгына

өкүнүчтүү. Мектепти бүтөөрү менен 17 жашында ата-энеме жардам берем деп жетишпеген көр турмуштун айынан талаалап иштеп кетип жатышат. А бирок алардын келечеги кандай болот, себеби алар жогорку окуй жайын аяктап бир кесиптин ээси болуш керек да, ата энелердин жоопкерсиздигинин айынан баласы билимсиз болуп жатпайбы?Мына ушундан улам үй-бүлө куруп жатканда болочоктогу үй-бүлөсүнүн милдетин толук түрдө өз моюнуна алып жоопкерчиликтүү болушса, балким мындай кордолгон мээримге муктаж балдар аз болот беле. Мына эми ойлоп көрүңүзчү, мындай тарбияда өскөн балдардан эртең кандай келечек күтүүгө болот деген коркунуч сезим да пайда болбой койбойт экен. Азыркы санариптик жашообузда кайда, кимди караба бири-бири менен байланышууну токтотуп уюлдук байланыштагы ар кандай терс таасирдеги видеолорду, оюндарды көрүп балдардын кулк мүнөздөрү өзгөрүшүнө дуушар болуп жатат. Ушул миграция маселесин козгоп жатып, мекенибизге ири ишканалар курулса, бөтөн жерге барып кордолбой, балдарына мээрим төгүп жанында эле иштей берсек кандай жакшы болот эле. Эми бул албетте, ар бир кыргыз мигрантынын үй-бүлөсүнүн кыялы. Мекендештерибиз акча табуунун аркасы менен чет жактарды да көрүп жатышпайбы, аз да болсо алардын маданиятын, үрп адаттарын, каада- салттарын, дегеле адам жасоосундагы өзгөчөлүктөрүн билүү дагы дүйнө таанымдын бир жагы десек болот. Адам баласы качан гана өзүнөн жакшы, алдыда, мыкты өнүккөндөрдү көргөндө гана ошого умтулат го дейм. Айтымдарында биздин мамлекетибиздин маданияты кыйла артта калган деп келишет. Мына ушул жерден чет жактарда иштөөнүн зарылчылдыгы дагы бар экен деп калдым, а бирок кандай гана шартта болбосун тоодо, ташта, жайлоодо, шаарда айтор кайда болбосун бала энеси бар жерде гана бактылуу балалыкта чоңоёрун биз ата-энелер унутпасак. . . . Мына ушул баянды жазып жатып көптөгөн адамды туңгуюкка кептеген, жоопсуз суроолорду кезиктирдим. Ар бир мезгилдин, доордун өзүнүн тарыхы калат. Баянымды жыйынтыктап жатып “Урматтуу мекендештерим, Манас атанын урпактары, келечек муундарды мээримге сугарып, тарбияга кандыралы”дээр элем. Жашоонун кандай гана сыноосу болбосун балдарыбыздын алдындагы милдетибизди унутпайлы. Ал эми өзүмдүн бүгүнкү сабагымда балдар менен баарлашып, мигранттуулук маселеси боюнча ой толгоо дил баянын жаздыруунун алдында турам.